4. Об утвержденных тарифах на тепловую энергию на 2019 год [Электронный ресурс]: Информация о ценах (тарифах) на регулируемые товары и услуги и надбавках

к этим ценам (тарифам) // Государственное унитарное предприятие "Производственно-энергетическое объединение "Байконурэнерго" города Байконур. - Режим доступа: http:// www.benergo.ru/information/files/12.2019.pdf. - Загл. с экрана.

5. О проделанной работе за I квартал 2019 года управления энергетики и жилищно-коммунального хозяйства Кызылординской области [Электронный ресурс]: Энергетика // Официальный интернет-ресурс акимата Кызылординской области. - Режим доступа: http://www.benergo.ru/information/files/12.2019.pdf. - Загл. с экрана.

**Рецензент:** Троянская М.А., заведующий кафедрой государственного и муниципального управления ФГБОУ ВО «Оренбургский государственный университет», доктор экономических наук, доцент.

**УДК347.61:340.11(575)**

***Муратбекова С.М.,***
*КМЮАнын конституциялык жана муниципалдык укук кафедрасынын доценти, юридика илимдеринин кандидаты*
***Муратбекова С.М.,***
*доцент кафедры конституционного и муниципального права КГЮА кандидат юридических наук*
***Muratbekova S.M.,***
*associate professor, candidate of Juridical sciences, Chair of constitutional and municipal law of the KSLA*
*Моб.тел.: +996 (557) 070752*
*email: rahsalta@mail.ru*

# ҮЙ-БҮЛӨНҮ КОРГОО ЖАНА САКТОО ЖААТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК ЧЕНЕМДЕРДИ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК МЫЙЗАМДАРЫНА ЖАЛГАШТЫРУУ: КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА ЧЕЧҮҮ ЖОЛДОРУ

# ИМПЛЕМЕНТАЦИЯ МЕЖДУНАРОДНЫХ НОРМ В ОБЛАСТИ ОХРАНЫ И ЗАЩИТЫ СЕМЬИ В НАЦИОНАЛЬНОЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ: ПРОБЛЕМЫ И ПУТИ РЕШЕНИЯ

# THE PROBLEMS OF IMPLEMENTATION OF INTERNATIONAL NORMS IN THE FIELD OF SECURITY AND PROTECTION OF THE FAMILY IN THE NATIONAL LEGISLATION OF THE KYRGYZ REPUBLIC

***Аннотация**. Илимий макала Үй-бүлөнү коргоо жана сактоо жаатындагы эл аралык ченемдерди Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарына жалгаштыруу: көйгөйлөрү жана чечүү жолдоруна арналат.*

***Аннотация**: в данной научной статье рассмотрены и исследованы проблемы имплементации международных норм, регулирующих вопросы охраны и защиты семьи в внутригосударственное законодательство Кыргызской Республики, проанализированы научные и практические аспекты решения проблем на примере Республики Казахстан, а также предложены пути решения.*

***Annotation:** in this article, the problems of implementation of international norms regulating the issues of security and protection of the family in the domestic legislation of the Kyrgyz Republic are examined and investigated, the scientific and practical aspects of solving problems are analyzed on the example of the Republic of Kazakhstan, and solutions are also proposed.*

***Негизги сөздөр:** Мыйзамдарды өркүндөтүү, Кыргыз Республикасы, үй-бүлөнү коргоо жана сактоо, балдар жөнүндө кодекс, жаатындагы эл аралык ченемдерди, улуттук мыйзамдарына жалгаштыруу.*

***Ключевые слова:** имплементация, международные нормы, ратификация, правовая система, конвенция, международный договор, семья, материнство.*

***Keywords:** implementation, international norms, ratification, legal system, convention, international treaty, family, motherhood.*

Алардын жардамы менен мамлекеттик ички мамилелер жаатындагы эл аралык-укуктук ченемдерди аракетке келтирүүчү ыкмалар, эреже катары, эл аралык келишимдер менен алдын ала аныкталбайт. Алдын ала

макулдашуулар болбогон учурда, ар бир мамлекет бул көйгөйлөрдү, өзүнө бир кыйла ыңгайлуудай жана туура келчүдөй көрүнгөн ыкмалар менен өз алдынча чечет.

Эл аралык укуктун советтик илиминде эл аралык-укуктук мүнөздөгү ченемдерди ички мамлекеттик мамилелерди түздөн-түз жөндөөчү катары колдонуунун мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу бирдиктүү көз караш болбогонун белгилеп коюубуз керек [1, 69-б.]. Тийиштүү мыйзамдарды кабыл алуу – бул аз эмес ыкмалардын бири, туурасын айтканда, анын жардамы менен эл аралык келишимдердин жоболору ишке ашырылуучу аспаптардан, жана мыйзам чыгаруунун мындай формасы тийиштүү жоболорду, ченемдерди өлкөнүн Негизги мыйзамында бышыктоо түрүндө, тийиштүү коомдук мамилелерди жөнгө салууга чакырылган атайын мыйзам же бир катар мыйзамдар формасында эл аралык келишимдин белгилүү ченемдерин жалгаштыруу түрүндө жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Ошентсе да эл улуттук мыйзамдарда аралык укуктун ченемдерин ишке ашырууну камсыз кылуучу зарыл болгон ченемдик укуктук базаны түзүү боюнча бул чаралардын баардыгы юридикалык максаттарга жетишүүгө гана багытталган, бул укуктук ченемдердин натыйжалуулугуна жетишүүдөгү биринчи гана этап болуп саналат. Кийинки этап өзүнө түздөн-түз социалдык максаттарга жетишүүнү камтыйт, ал үчүн ички мамлекеттик укук колдонуу иштерин жүзөгө ашыруу зарыл, ал республика тарабынан кабыл алынган келишимдик милдеттенмелерди аткарууну камсыз кылууга багытталуусу тийиш.

Кыргыз Республикасы көз карандысыздыкка ээ болгон учурдан тартып адам укуктарын коргоо жаатында алтымыштан ашуун эл аралык келишимдер ратификацияланган, мындан республиканын адам укуктары чөйрөсүндөгү улуттук мыйзамдарды эл аралык стандарттарга ылайыкташтырууга карата болгон умтулуусун ачык көрүүгө болот.

Конституциянын 6-бер. 3-п. ылайык Кыргызстандын эл аралык жана башка келишимдик милдеттенмелери өлкөнүн негизги мыйзамы менен бир катарда республиканын колдонуудагы укугунун тутумуна кирет.

Бүгүнкү күндө адам укуктарын коргоо чөйрөсүндө ички мамлекеттик мыйзамдарга карата эл аралык укуктун ролуна артыкчылык берилген [2, 23–25-б.].

Азыркы убакта энеликти коргоо чөйрөсүндөгү укуктук мамилелер ички дагы, ошондой эле эл аралык укук менен дагы жөнгө салынат. Ошол эле убакта бүгүнкү күндө эл аралык укуктун ролу улам барган сайын өсүүдө, бул энелик институтун жөнгө салуучу эл аралык принциптерди жана ченемдерди бир кыйла кеңири иштеп чыгуудан өзгөчө көрүнүүдө, алар албетте, мамлекеттердин өздөрүнө алышкан милдеттенмелеринин аткарылышын көзөмөлдөө боюнча эл аралык органдардын түзүлүшүнө байланыштуу мамлекеттер тарабынан шексиз сакталуусу тийиш. Ошентип, эл аралык коргоо талаптагыдай түзүлгөн жана өздөрүнүн уставдарына ылайык аракеттенүүчү эл аралык уюмдар тарабынан, ошондой эле эл аралык укуктун ченемдери менен корголуусун талаптайт [3, 55-б.].

Эл аралык тажрыйбада «эл аралык укуктун ченемдерин жүзөгө ашыруу» түшүнүгү «жалгаштыруу» термини менен туюнтулат, ал жүзөгө ашырууну, аткарууну билдирүүчү «implementation» деген сөздөн келип чыккан.

«Эл аралык укуктун ченемдерин жалгаштыруунун эл аралык механизми» дегенде «мамлекеттердин биргелешкен күч-аракеттери менен түзүлгөн жана эл аралык милдеттенмелерге ылайык кабыл алынган жана ар тараптуу, өз убагында жана толук ишке ашыруу максаттарында жекече пайдалануучу укуктук жана уюштуруучулук каражаттардын тутуму» түшүнүлөт [4, 84–88-б.].

Кыргыз Республикасы үй бүлөнү жана энеликти коргоо чөйрөсүндөгү абдан маанилүү эл аралык документтерди ратификациялаган.

Эл аралык укуктун ченемдерин жалгаштыруу улуттук укуктун ченемдерин өнүктүрүү менен бир катарда, мамлекеттин социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүн, эл аралык коомдоштуктун иштери менен байланышкан заманбап ааламдашкан чакырыктарды эсепке алуу менен жүзөгө ашырылышы керек. Ошондуктан бул көйгөй, эгерде өлкөнүн кызыкчылыктары дүйнөлүк коомдоштуктун кызыкчылыктары менен дал келишсе, экономиканын жана саясаттын айрым тарамактарындагы жана багыттарындагы «алгалоо» менен, же болбосо, эгерде негизинен республиканын эле кызыкчылыктары көздөлсө, «дымуу» менен байланышта каралышы мүмкүн. Ошентип, кептин төркүнү, аларды колдонуу жана ишке ашыруу, каалагандай

натыйжаларга жана эл аралык макулдашуу иштелип чыгылып жатканда жана кабыл алынганда тараптар тарабынан белгиленген максаттарга жетишүүгө алып келсе, эл аралык укуктун ченемдеринин натыйжалуулугу тууралуу гана жүрөт.

Эл аралык жана Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарынын өз ара байланышынын маселелери укук колдонуу ишиндеги абдан олуттуу көйгөй болуп саналат. Энеликти коргоо чөйрөсүндөгү эл аралык ченемдер ар кыл эл аралык конвенцияларда, көп тараптуу жана эки тараптуу келишимдерде камтылган. Бүгүнкү күндө бир катар көйгөйлөр бар, алар энеликти коргоо чөйрөсүндөгү кээ бир эл аралык укуктук актыларды жалгаштыруу процессинде келип чыгууда.

Биринчиден, ратификацияланган 1952-жылкы Конвенцияны кайра карoo (кайра каралган) энеликти коргоо тууралуу эл аралык Конвенциянын 6-ст. 1, 2-п.п. ылайык төмөнкүлөр каралган:

«1. Жумушта 4 же 5-статьяларда каралган (кош бойлуулук жана төрөгөндүгү боюнча өргүү) өргүүгө байланыштуу жок болушкан аялдарга акчалай жөлөкпул берилет.

2. Акчалай жөлөкпул аял өзүн жана өзүнүн баласын санитардык-гигиеналык көз караштан татыктуу шарттарда күтө алгандай жана жашоо-турмуштук талаптагыдай деңгээлге ээ болгондой деңгээлде белгиленет».

Бирок Конвенциянын көрсөтүлгөн жоболорун жалгаштыруунун жүрүшүндө бир катар көйгөйлөр бар. Кыргызстанда үй-бүлөлөрдү колдоого алууга багытталган жөлөкпул олуттуу көбөйтүлгөнү, анын ичинде бала багуу боюнча жөлөкпул дагы көбөйтүлгөнү белгилүү. Алып айтканда, «Эмгекке убактылуу жөндөмсүздүк боюнча жөлөкпул, кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпул дайындоонун, төлөөнүн тартиби жана көлөмү жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 11-ноябрындагы Токтомуна ылайык [5] кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпул айлдарга же жумуш берүүчү тарабынан же болбосо эгерде ал расмий түрдө жумушсуз катары саналса мамлекет тарабынан төлөнүп берилет.

Бала төрөгөнгө чейин иштешпеген жана социалдык чегеримдери болбогон аялдарга баласы бир жашка толгонго чейин жөлөкпул дайындалат жана төлөнүп берилет.

Аял бала багуу боюнча өргүүдө жүргөн мезгилде, ал эмгек иштеринен чыгарылып салынат жана ага мамлекет тарабынан төлөнүп берилүүчү жөлөкпул эне менен баланын кирешесинин негизги булагы болуп каларын белгилеп коюубуз керек.

Кыргызстанда жашоо-тиричилик минимумунун чоңдугу көбөйүү тенденциясына ээ экенин эске алуу зарыл, демек, бала багуу боюнча төлөнүп жаткан мамлекеттик жөлөкпулдардын көлөмү жашоо-тиричилик минимумунун көлөмүнөн аз жана өзү менен баласын санитардык-гигиеналык көз караштан татыктуу шарттарда күтө алгыдай жана анын үстүнө жашоо-турмуштук талаптагыдай деңгээлге ээ болгудай күтүү үчүн жетишсиз.

Декреттик өргүүгө чыкканга чейин социалдык чегеримдерге ээ болушпаган, иштебеген аялдар аз камсыз болгондордун категориясына кирешет. Мындай ой-пикир менен казакстандык изилдөөчү Ж. А. Хамзина [6, 78-б.] толук макул. Иштеген аялдар менен иштебеген аялдардын ортосундагы ажырым мынчалык ачык мүнөзгө ээ болбошу керек деп ойлойбуз.

Ошентип, Кыргызстанда 1952-жылкы Конвенцияны кайра карoo (кайра каралган) энеликти коргоо тууралуу эл аралык Конвенциянын 6-ст. 1 жана 2-п.п. жалгаштырууда көйгөйлөр көп экенин белгилеп койсок болот.

Азыркы убакта Конвенциянын жоболорунун талаптарына ылайык ушул маселени кайра кароонун же ийине жеткире иштеп чыгуунун өктөм зарылдыгы бар деген ойдобуз.

Экинчиден, 1952-жылкы Конвенцияны кайра карoo (кайра каралган) энеликти коргоо тууралуу эл аралык Конвенциянын 8-ст. 1 жана 2-п.п. ылайык төмөнкүдөй каралган:

«1. Аялдарды кош бойлуу мезгилинде же кош бойлуулугу жана төрөгөнү боюнча өргүүсүнө байланыштуу жумушта болбогондо, же ал жумушка кайра келген мезгилде жумуш берүүчү тарабынан жумуштан бошотуу, кош бойлуулукка же бала төрөлгөнүнө жана ошонун айынан же балага эмчек эмизүү менен байланышпаган себептер боюнча жумуштан бошотууларды кошпогондо, улуттук мыйзамдарда белгиленген жумуштан бошотуу мыйзамсыз болуп саналат.

2. Кош бойлуулук жана төрөт боюнча өргүү аяктагандан кийин аялга өзүнүн мурунку жумуш ордуна же эмгек акысынын мурункудай

ставкалары менен ошого эквиваленттүү жумуш ордуна кайра келүү укугу кепилденет».

Бирок, тажырыйбада жумуш берүүчү декреттик өргүүгө чыккан аялдар үчүн алардын жумуш ордун сактабаган учурлар аз эмес. Анын үстүнө, алардын өздөрүнүн мурунку жумуш орундарына же эквиваленттүү жумуш орундарына кайтып келүү укуктары сакталбаган учурлар дагы орун алат. Ошондой эле кош бойлуу аялдарды жумуштан мыйзамсыз бошоткон учурлар дагы болот [7]. Жеке менчик уюмдар болуп саналган жумуш берүүчүлөр, бул талаптарды барынан көп бузушат. Анын үстүнө, эмгек жана калкты жумуш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мыйзамдардын сакталышы үчүн жооп берүүчү мамлекеттик инспекция мындай бузуу фактыларын ар дайым эле көзөмөлдөй албайт.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде бекемделген кош бойлуу аялдардын укуктарынын кепилдиктерине карабастан, иш жүзүндө жогоруда көрсөтүлгөн Конвенциянын 8-ст. 1 жана 2-п.п. жалгаштырууга байланыштуу көйгөйөр орун алып келүүдө.

Үчүнчүдөн, Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө ратификацияланган эл аралык Конвенциянын 11-ст. 2-п. «с» пунктчасына ылайык «күйөөгө чыкканынын же эне болгонунун себептери боюнча басмырлоонун алдын алуу жана аларга эмгекке натыйжалуу укукту кепилдөө үчүн, катышуучу-мамлекеттер ата-энелерге үй-бүлөлүк милдеттерди аткарууну эмгек ишмердиги жана коомдук турмушка катышуу менен айкалыштырууга мүмкүндүк түзүү үчүн, алып айтканда, балдарды багуу боюнча мекемелердин тарамдарын түзүү жана кеңейтүү жолу менен, зарыл болгон кошумча социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү колдоо үчүн тийиштүү чараларды кабыл алышат» [8].

Бирок, бүгүн Кыргызстанда аялдардын үй-бүлөлүк милдеттерди аткарууларын алардын эмгектин ишмердикти айкалыштырууларына өбөлгө болуу максаттарында балдарды багуу боюнча мекемелердин тарамын кеңейтүү маселеси өзгөчө өктөм маанилүү бойдон калууда.

Өкүнүчтүүсү, биз азыркы убакта Кыргызстанда 3 жашка чейики балдардын категориясына аз көңүл бурулуу көйгөйүнө кириптер болуудабыз. Иштеген аялдардын жумуштуулук менен балдарды тарбиялоосун айкалыштуу макстында, 3 жашка чейинки балдарды багуу жана кароо үчүн кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчү мекемелердин тарамын кеңейтүү зарыл. Бул көйгөйдү чечүүсүз жогоруда көрсөтүлгөн Конвенциянын басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө жоболорун жалгаштыруу көйгөйүнүн ишке ашуусу кыйындары шексиз.

Төртүнчүдөн, катышуучу-мамлекеттер «Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө» БУУ Конвенциясынын 11-ст. ылайык жумуштуулук чөйрөсүндө аялдарга карата басмырлоонун кандай гана болбосун көрүнүштөрүн жоюу үчүн бардык зарыл болгон чаралары көрүүлөрү тийиш. Алып айтканда, жумушка жалдоодо аялдарга, салттуу түрдө аялдар менен ассоциалануучу эмгектин түрлөрү менен чектөөсүз, кесипти жана жумуш ордун эркин тандап алуунун бирдей мүмкүнчүлүктүү укугу кепилденет. Аялдар кызматтан көтөрүлүү, эмгегин коргоо боюнча, жеңилдиктердин жана кызматтык артыкчылыктарыдын бардык түрлөрүнө, окууга жана окуусун улантууга тең укукка ээ болуулары керек. Аялдарга сыйлануунун жана жумушка тийиштүү бардык жеңилдиктерге бирдей тең укуктуулук кепилденүүсү абзел. Бирдей эмгектери үчүн алар бирдей эмгек акы алуу, жумушсуз убагында, пенсия жана эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготкон мезгилде социалдык коргоо укугунан пайдалануулары тийиш. Аялдарга акысы төлөнүүчү өргүү, ошондой эле ден соолукка жана эмгектин коопсуз шарттарына бирдей тең укуктар кепилденет.

Бирок Конвенциянын жогоруда көрсөтүлгөн жоболорун ички мамлекеттик мыйзамдардын ченемдерине жалгаштыруу өзгөчө көйгөйлүү. Биринчи кезекте бул жумушсуздуктун жогорку деңгээли менен байланышкан.

Заманбап коомдогу саясий, экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдө болуп жаткан өзгөрүүлөр жумушсуздук чөйрөсүн дагы козгогон. Кыргыз Республикасында 2104-жылдын маалыматтары боюнча аялдар өлкөнүн иштеп жаткан калкынын 40,8%ын түзөт. Аялдардын басымдуу көпчүлүгү саламаттыкты сактоо жана калкы социалдык жактан тейлөө чөйрөлөрүндө эмгектенишет. Алып айтканда, 2014-жылга карата – 83,3%, ал эми 2015-жылга - 84,2% аялдар жогоруда аталган тараматарда алектеншикен. Аялдардын олуттуу бир кыйла пайызы билим берүү чөйрөсүндө иштешет: 2014-жылы - 78,6%, 2015-жылы - 77,5%;

мейманканалар жана ресторандар ишинде: 2014-жылы - 64,1%, 2015-жылы - 59,4%; кыймылсыз мүлк менен балгон аткарымдарда: 2014-жылы - 89,2%, 2015-жылы - 92,7% [9].

Үй чарбаларынын бюджеттерин жана жумушчу күчтүн интегрирленген тандап изилдөөнүн маалыматтары боюнча экономикалык жактан жигердүү калктын катарындагы аялдардын үлүшү 2014-жылы - 41,4%ды, ал эми 2015-жылы - 41,0%ды түзгөн.

Эгерде аялдардын арасындагы жумушсуздукту талдай турган болсок, анда ал 2015-жылы 9%ды түзгөн, мында жумушсуз аялдардын жарымына жакыны өз багуусунда жашы жетелек балдарды багышкан, 5%дан ашууну көп балалуу ата-эне болушкан. Мисал катары, көп аялдар үчүн үй-бүлөлүк бюджеттин жарымынан арбынын түзүүчү шоп-тур деп аталган иш-аракеттер кирешелеринин негизги булагы болуп калган. Азыркы убакта Кыргызстанда калкты жумуш менен камсыз кылуу кызматтарына кайрылган адамдардын арасында аялдардын үлүшүнө 60%дан 69%га чейин туура келет. Аялдардын жумушсуздугу эркектердикине салыштырмалуу 2,5%га жогору. Аялдардын жумуштуулук көйгөйү элет жерлеринде жана чакан шаарларда бир кыйла курч турат. Жумушсуз аялдардын үчтөн бирине жакыны айыл жерлеринде жашашат. Аялдардын жумушсуздугунун мындай бийик деңгээли, биринчи кезекте, жумушчу күчүнө болгон суроо-талаптын жана сунуштардын улам өрчүп бараткан теңдемсиздиги, экономиканын формалдуу эмес секторундагы жөндөлбөгөн жумуштуулуктун олуттуу масштабдары, жумушчу күчүнүн баасынын абдан төмөндүгү, анын жашоо-турмуштун нактынан олуттуу артта калуусу менен шартталган.

Эркектер менен аялдардын эмгек рыногундагы иш жүзүндөгү теңсиздигин жоюу максатында атайын чаралар каьыл алынган, алардын ичинде - Кыргыз Республикасында аялдардын абалын жакшыртуунун мамлекеттик саясатынын Концепциясынын кабыл алынышы, анда рынокто аялдардын конституциялык укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга багытталган артыкчылыктар белгиленген.

Гендердик теңчиликти толук кандуу өнүктүрүүнүн бардык аракеттери натыйжасыз калган жок, бул Жогорку Кеңиштин депутаттарынын курамында аялдардын белгилүү санынын отурганы менен бышыкталат. Алып айтсак, 2016-жылдын 1-январына карата Жогорку Кеңеште 94 эркектин катарында 26 аял отурган, бул пайыздык катышта тийиштүүлүгүнө жараша 21,7%ды жана 78,3%ды түзөт.

Анын үстүнө, аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө БУУ Концепциясынын ченемдерин аткаруу боюнча Кыргыз Республикасынын мезгилдик баяндамасында белгиленгендей, Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында эмгектин зыяндуу жана коркунучтуу шартарындагы жумуштарда, ошондой эле кол менен оордуктарды көтөрүү менен байланышкан жумуштарда аялдардын эмгегин колдонуу чектелген. Аялдардын эмгегин колдонууга тыюу салынган оор жана зыяндуу эмгек шарттары менен өндүрүштөрдүн, кесиптердин жана жумуштардын тизмеси бекитилген.

«Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-августундагы Мыйзамынын «Иш менен камсыз кылуу жаатында мамлекеттик колдоо кепилдиктери» деген 4-бер., иш менен камсыз кылуу жаатында мамлекет тарабынан кесипти жана жумушту тандап алууда, жумуштуулук жана эмгек шарттарын тандоодо кандайдыр бир басмырлоосуз жана/же теңчиликсиздиксиз колдоо көрсөтүү чаралары көрсөтүлөрү кепилденген.

Кыргыз Республикасынын гендердик саясатынын Концепциясына ылайык аялдардын эмгек рыногундагы атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга эсептелген программаларды киргизүү болжолдонууда, бул үчүн аялдардын арасында консультацияларды, окууларына, эмгекке жайгашууларын, жеке ишкердикти жана аялдардын өздөрүн өздөрү жумуш менен камсыз кылууларын мындан ары өнүктүрүүлөрүнө жардамдарды көрсөтүү, ошондой эле аялдарды кесиптик кайра даярдоо, бизнести администрирлөөгө жана башкарууга окутуу түрүндөгү колдоого алуу тутумун колдонуу пландаштырылууда.

Бирок, жогоруда баяндалгандарга карабастан, бүгүнкү күндө жумуштуулук мамлекеттик саясаты дагы да болсо эмгек рыногундагы аялдардын абалын жакшыртуучу талаптарга толук өлчөмдө жооп бербейт. Бул көп жагынан максат көздөгөн, гендердик-багыттамалуу программалардын чектелгендиги

жана алардын төмөнкү натыйжалуулуктары менен шартталган.

Бешинчиден, энеликти коргоо чөйрөсүндөгү эл аралык жана ички мамлекеттик укукту жалгаштыруу маселесинде эл аралык конвенциялардын ченемдеринде каралган аял-энелердин укуктарын, ошондой эле аларды бузгандык үчүн жоопкерчиликти мамлекеттик жана соттук коргоонун айкын кепилдиктеринин жоктугу олуттуу тынсызданууну жаратат.

Алтынчыдан, энеликти коргоо чөйрөсүндөгү эл аралык жана ички мамлекеттик укукту жалгаштыруу маселесинде али да болсо төмөнкү көйгөйлөр актуалдуу бойдон калууда:

– энелердин жана ымыркайлардын өлүмдөрүнүн, бойдон алдыруулардын жана жыныстык жол менен берилүүчү оорулардын жогорку деңгээли;

– тукум улоо саламаттыгы боюнча, өзгөчө айылдык аялдардын кызмат көрсөтүүлөргө бүткүл бардык жеткиликтүүлүктүн жоктугу;

– туулгандан эле адаттан сырт илдеттүү балдардын санынын өсүүсү;

– аялдарга, кош бойлуу аялдарга карата кылмыштуулуктун жана зомбулуктун жогорку деңгээли; аялдарга карата зомбулук фактылары жөнүндө толук статистикалык маалыматтар жок, анткени мындай окуялардын ар бири укук коргоо органдарында расмий каттала бербейт.

«Аялдарга карата басмырлоону жоюу тууралуу» 1993-ж. БУУ Декларациясында «аялдарга карата зомбулук» түшүнүгүнүн бир кыйла кеңири чечмелениши камтылган, ал төмөнтө саналган учурларды камтыса да, ошолор менен эле бүтүп:

– үй-бүлөнүн чегинде жасалган кара күч колдонгон, психологиялык жана жыныстык зомбулуктар, анын ичинде үй-бүлөдө уруп-согуу, кыздарды жыныстык мажбурлоо, күйөөгө берүү, күйөөсү тарабынан аялын зордуктоо менен байлашытуу зомбулук, аялдардын жыныстык органдарына зыян келтирүү, никеден тышкары зомбулук жана эзүү менен байланыштуу зомбулук;

– жалпы коомдо жасалган жасалган кара күч колдонгон, психологиялык жана жыныстык зомбулуктар, анын ичинде зордуктоо, жыныстык мажбурлоо, жыныстык асылуу жана жумушта, окуу жайларында жана башка жерлерде коркутуу, аялдарды сатуу жана сойкулукка мажбурлоо;

– бул зомбулуктар кайда гана жүзөгө ашырылбасын, мамлекет тарабынан же анын жол берүүсү менен жасалган кара күч колдонгон, психологиялык жана жыныстык зомбулуктар.

Декларация өзү жакшы ниеттер жөнүндө билдирүү, ошондуктан бүткүл дүйнөнүн аялдар коомчулугу жана биздин өлкөбүздө Аялдарга карата басмырлоону жоюу тууралуу Декларациянын базасында БУУ окшош аттуу Конвенциясын иштеп чыгууга жана кабыл алдырууга жетишүүбүз керек. Ушуга байланыштуу Казакстан Республикасынын оң тажырыйбасын келтире кетүүнү орундуу деп эсептейбиз, ал өнүмдүү жумуштуулукка көмөктөшүүгө багытталган Жумуштуулуктун Жол картасынын [10] мамлекеттик прогарммасын кабыл алуу жана ишке ашыруу менен, жумуштуулук рыногундагы аялдардын кепилдигин күчөткөн. Ушул программага ылайк, элет жерлеринде жашаган аялдар, 50 жаштан улуу адамдар пенсиялык куракка жетишкенге чейин артыкчылыктуу укуктан пайдаланышат. Программанын алкактарында аялдарга акысыз окутуу, өзүнүн ишин ачуу жана кеңейтүү мүмкүнчүлүгү берилет. Кыргызстандын жана Казакстандын кабыл алынган мыйзамдары КМШ Моделдик мыйзамдарына негизделгенин белгилеп коюшубуз керек, бул оң тажырыйбаны үйрөнүп-өздөштүрүүгө жакшы мүмкүнчүлүк түзөт.

Жыйынтыгында эл аралык ченемдерди ички мамлекеттик мыйзамдарга жалгаштыруу маселесинде энеликти коргоонун кепилдиктерин жалгаштырууга, ошондой эле колдонуудагы мыйзамдарды мындан ары карай өркүндөтүүгө өзгөчө көңүл буруунун зарылдыгын белгилеп коюшубуз керек. Бүгүн Кыргызстанда 1952-жылкы Конвенцияны кайра кароо (кайра каралган) энеликти коргоо тууралуу ратификацияланган эл аралык Конвенциянын кээ бир жоболору толук өлчөмдө ишке ашырылышы мүмкүн эмес.

## КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАРДЫН ТИЗМЕСИ:

1. Абайдельдинов, Е.М. Соотношение международного и национального права Республики Казахстан (проблемы становления приоритетности) [Текст]: /Е.М. Абайдельдинов. - Алматы: Юридическая литература, 2006. – 271 с.

2. Карменова, Л. Вопросы взаимодействия международного и внутригосударственного законодательства в области прав человека

[Текст]: /Л. Карменова //Вестник КАСУ. - 2011. - №4. – С.23-25.

3. Сабитова, А.А. Международная защита прав женщин [Текст]: монография /А.А. Сабитова. - Алматы, - 345 с.

4. Мауленов, Г.С. Имплементация международно-правовых норм в антикоррупционное законодательство Республики Казахстан [Текст]: /Г.С. Мауленов //Право и государство. - 2014. - №1(62). – С.84-88.

5. Об утверждении Положения о порядке назначения, выплаты и размере пособия по временной нетрудоспособности, пособия по беременности и родам [Электрондук ресурс]: Постановление Правительства Кыргызской Республики от 11 ноября 2011 года – http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1186/30?cl=ky-kg&mode=kst. - Загл. с экрана.

6. Хамзина, Ж. А. Актуальные направления совершенствования социального законодательства [Электронный ресурс]. - Веб-сайт: zakon.kz - Режим доступа: http://www.zakon.kz /4600854-aktualnye-napravlenija.html. - Загл. с экрана.

7. Экспертный обзор по исполнению государственными органами Республики Казахстан Национального плана действий в области прав человека на 2009–2012 гг. [Электронный ресурс]: – Режим доступа: http:// www. zakon.kz/4460665-jekspertnyjj-obzor-po-ispolneniju .html._- Загл. с экрана.

8. О присоединении Кыргызской Республики к факультативному протоколу к конвенции о ликвидации всех форм дискриминации в отношении женщин [Электрондук ресурс]: закон Кырг. Респ. от 23 апреля 2002 года №72. – Көрүү тартиби: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1186/30?cl=ky-kg&mode=tekst. - Загл. с экрана.

9. Национальный статистический комитет Кыргызской Республики // [Электрондук ресурс] – Көрүү тартиби: http://www.stat.kg/ru/socialno-ekonomicheskoe-polozhenie-kyrgyz skoj-respubliki-v-2017-g-arhiv/. - Загл. с экрана.

10. Основные направления государственной семейной политики // СЗ РФ. №21. [Электрондук ресурс] Указ Президента Российской Федерации от 14 мая 1996 года, №712 – Көрүү тартиби: http://www.consultant.ru/cons/cgi/online.cgi?req=doc&base=EXP&n=255452#09458821726249129. - Загл. с экрана.

**Рецензент:** Кочкарова Э.А., доктор юридических наук, доцент КГЮА.

**УДК 341:556(575.2)**

***Насредин уулу И.,***
*КМЮАнын мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы жана эл аралык укук кафедрасынын окутуучусу*
***Насредин уулу И.,***
*преподаватель кафедры теории и истории государства и права и международного права КГЮА*
***Nasredin uulu I.,***
*Lecturer of theory and history of state and low and international law department of the KSLA*
*моб. тел.: +996 (703) 626589*
*e-mail: isaev-mpf@mail.ru*
***Исаев А.,***
*КМЮАнын мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы жана эл аралык укук кафедрасынын окутуучусу*
***Исаев А.,***
*преподаватель кафедры теории и истории государства и права и международного права КГЮА*
***Isaev A.,***
*Lecturer of Theory and history of state and low and international law department of the KSLA*
*моб. тел.: +996 (554) 474247*
*e-mail: isaev-mpf@mail.ru*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУУ БАЙЛЫКТАРЫН НАТЫЙЖАЛУУ КОЛДОНУУДА ЭЛ АРАЛЫК УКУКТУК ЧЕНЕМДЕРГЕ ТАЯНУУ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК ТАЖРЫЙБАНЫ КОЛДОНУУ

# ПРИМЕНЕНИЕ МЕЖДУНАРОДНОГО ОПЫТА И НОРМЫ МЕЖДУНАРОДНОГО ПРАВА ДЛЯ ЭФФЕКТИВНОГО ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ВОДНЫХ РЕСУРСОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# PRACTICE OF INTERNATIONAL EXPERIENCE AND NORMS OF INTERNATIONAL LAW FOR THE EFFECTIVE USE OF WATER RESOURCES OF THE KYRGYZ REPUBLIC

***Аннотация:*** *Бул макалада Кыргыз Республикасынын негизги жаратылыш байлыгы болгон суу ресурстарынын потенциалы жөнүндө сөз болот ж.о.э. сууну азыркы*